УДК 8.82.1/29

# БАРПЫ АКЫНДЫН ЫРЛАРЫНЫН БАСМА СӨЗДӨ ЧАГЫЛДЫРЫЛУУСУ

**Абдыкулов Уланбек Аманбаевич**
К.Ш. Токтомаматов атындагы эл аралык университет,
Кыргызстан, Жалал-Абад

# ОТРАЖЕНИЕ СТИХОТВОРЕНИЙ ПОЭТА БАРПЫ В СРЕДСТВАХ МАССОВОЙ ИНФОРМАЦИИ

**Абдыкулов Уланбек Аманбаевич**
Международный университет имени К.Ш.Токтомаматова,
Кыргызстан, Джалал-Абад

# DEPICTIONS OF BARPY'S POEMS IN MASS MEDIA

**Abdykulov Ulanbek Amanbaevich**
International University named after K.Sh. Toktomamatov,
Kyrgyzstan, Jalal-Abad

**Аннотация.** Барпы Акын признан поэтом, создававшим свое творчество в двух эпохах : до революции и в советское время. В дореволюционный период он общался с публикой и исполнял свои песни устно. В советское время его песни печатались в газетах и журналах. В журналах «Ала-Тоо», «Байчечекей», «Кырчын» почти все стихи поэта были опубликованы со стихами, связанными с Коммунистической партией, Октябрьской революцией 1917 года Ленины. Кроме того, о Барпы писали статьи многие поэты и писатели. В статье представлена информация о том, какие стихи поэта Барпы публиковались в киргизской прессе, особенно в журналах по культуре, в советский период.

**Ключевые слова:** поэт, журнал, стихотворение, креативность, идеология.

**Аннотация.** Барпы акын революция мезгилине чейинки жана Совет доорунда жашап эки доордо тең чыгармачылыгын улантып келген төкмө акын катары таанылып келет. Революцияга чейинки мезгилде калкка аралашып, анын ичинде оозеки түрдө ырларын төгүп ырдап келсе, Совет доорунда анын ырлары гезит жана журналдарда жарыяланып келген. "Ала-Тоо", "Байчечекей", "Кырчын" журналдарында акындын ырларынан дээрлик көпчүлүгү компартияга, Октябрь революциясына, 1917-жылга, Ленинге байланышкан ырлары менен бирге балдарга насыят жана сүйүү лирикалары жарыяланып келген. Мындан тышкары көптөгөн акын, жазуучулардын Барпы акын тууралуу жазган макалалары да орун алган. Макалада Совет мезгилинде Кыргызстандагы басма сөздө-асыресе журналдарда Барпы акындын кайсы ырлары жарыялангану тууралуу маалымат берилет.

**Негизги сөздөр:** акын, журнал, ыр, чыгармачылык, идеология.

**Abstract.** Barpy Akyn is recognized as a poet who continued his work in two eras, living before the revolution and during the Soviet era. In the pre-revolutionary period, he mingled with the public and sang his songs orally. During the Soviet era, his songs were published in

newspapers and magazines. Along with Ala-Too, Baichechekey, Kyrchyn magazines almost all of the poet's poems were published with poems related to the Communist Party, the October Revolution, 1917, Lenin, and love lyrics for children. In addition, many poets and writers wrote articles about Barpy. The article provides information about which poems of the poet Barpy were published in the Kyrgyz press, especially in cultural journals, during the Soviet period.

**Keywords:** poet, journal, poetry, creativity, ideology.

**Киришүү.** Барпы акынды жана анын чыгармачылыгын таануу анын жашаган доорлору болгон Россия империясына караган учур менен Совет доору мезгилинде жүрүп келген. Россия империясы доорунда акындын ырлары анын жашаган аймагында, айланасындагы эл арасында тааныла баштаган. Ал эми экинчи доор - Совет мезгилинде болсо жалпы кыргыз журтуна, Кыргыз Советтик Социалисттик Республикага басма сөз аркылуу тааныла баштаганы маалым. Совет доорунда маданий агартуу ишинде жаш өспүрүмдөрдөн тарта бардык элдин катмары үчүн кызмат кылган басма сөз каражаттары - гезит жана журналдарда Барпы акындын ырлары мезгил-мезгили менен жарыяланып турган. Аларга "Чалкан", "Кырчын", "Ала-Тоо", "Байчечекей" журналы, "Ала-Тоо таңшыйт" обондуу ырлар жыйнагы жана "Пахтачы", "Достук", "Нарын правдасы", "Ош жаңырыгы", "Акыйкат жарчысы", "Октябрь шаңы", "Ленин жолу", "Ленинчил Жаш", "Кыргызстан маданияты", "Жаш Ленинчи", "Кыргыз Туусу" сыяктуу мамлекеттик, аймактык гезиттер мисал боло алат.

Совет доорунда чыгып турган "Байчечекей" журналы Кыргызстандын аймагында бала бакча, мектептеги башталгыч класс курагындагы балдарга арналып, түстүү сүрөттөр менен коштолгон адабий жанрдагы журнал болгон. Аталган журнал 1977-жылдан баштап чыга баштаган. Журналдын негизги максаты жеткинчектерди мектепке даярдоо жана мектеп жашындагыларды кыргыз адабиятынын мисалдары аркылуу тил байлыгын өркүндөтүү болгон. Булардын арасында Барпы акындын да ырлары камтылган. Мисалга алсак, 1986-жылынын экинчи санында Барпы акындын туулган күнүнүн 100 жылдыгына арналып, "Күн" аталышындагы ырынын үзүндүсү берилген [1].

Совет доорунда жарыяланып келген кийинки журналдардын катарына "Кырчын" журналы кирет. Ал адабий, көркөм журнал катары калк арасында таанылган. Аталган журнал 1952-жылдан тарта чыга баштап, кийинчерээк аталышы "Жаш Ленинчи" болуп өзгөргөн. Журналдын 1996-жылындагы номер төртүнчү санындагы "Барпы акындын, Залкардын насааты" аталышындагы рубрикада "Жакшы кыз" аттуу ыры кездешет [2].

Ал эми 1963-жылындагы номер тогузунчу, сентябрь айында чыккан санында кыргыз элинин акындарынан Токтогул, жазгыч акын Тоголок Молдо, жазуучу жана акын Аалы Токомбаев, акын Алыкул Осмонов, Алымкул Үсөнбаев жана Барпы акындын ырларынан Совет доорун, Коммунисттик партияны, Россия, орус элин даңазалаган ырлары бир бетте жайгашкан. Барпы акындын Компартияга арналган ыры берилген [3]. 2012-жылкы санында болсо "Ынтымак" аттуу ыры кайталанып берилгени маалым [4]. 2017-жылда 1-, 2-санында болсо "Мурас" аталышындагы журналдын бөлүмүндө "Ынтымак" аттуу ырынан үзүндү кайталанып берилген [5].

Коомдук журнал катары мамлекеттик масштабда таанылган "Ала-Тоо" журналы ай сайын чыгып турган. Журналдын аталышы 1931-жылдан 1956-жылга чейин улам өзгөрүп отурган. "Чабуул", "Кыргызстан кеңеш адабияты", "Кыргызстан Совет адабияты", "Ала-Тоо", "Советтик

Кыргызстан" деген аталыштар менен алмашып отуруп, аягында кайрадан "Ала-Тоо" деген ат менен чыга баштаган. Журнал ай сайын чыга турган адабий-көркөм жана коомдук-саясий журнал катары таанылган жана ал Кыргызстан жазуучулар союзу менен маданият министрлигинин органы катары эсептелинген. Журналда кыргыз адабиятынын бардык жанрларындагы ыр, макала, очерктерди тынымсыз жарыяланып турган. Жалпы жумурай журтка адабий жанрларыбызды тааныштырууда жана аларды окууда көндүмдөрдү арттырууда журналдын ролу өтө чоң болгон. Журналдын адабият, адабий сын, котормолор аталышында рубрикалары болгон. Барпы акындын да ырлары аталган журналдын 1957, 1962, 1966, 1984-жылкы сандарында жарыяланган. 1957-жылы журналдын төртүнчү санындагы адабий мурастар рубрикасында акындын "Жарыяланбаган ырлар" аттуу рубрикада "Ичтеги дартты айдасак", "Жаз", "Кубанам", "Күн" аталышындагы ырлары берилген [6]. Бул ырлары менен кошо Барпы акындын үч ырлар жыйнагы жарыкка чыккандыгы, бирок 1957-жылга чейин акындын кээ бир ырлары жыйналып алына электиги тууралуу кеп кылынган. Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын тил жана адабият институту тарабынан акындын адабий мурастарын жыйноо иши жүргүзүлүп жаткандыгы баяндалган. Акындын кээ бир ырлары дале болсо жыйналбай жатканы, ар кимдин колунда жүргөнү тууралуу маалымат камтылган. Ошол жылда акындын кээ бир ырлары орус тилине которула баштаганы маалым. 1987-жылкы санында Барпы менен Жеңижоктун айтышы берилген [7].

Акындын "Ала-Тоо" журналынын 1984-жылкы ноябрь айындагы санында жарыяланган ырлары Октябрь, компартия, Совет доору, мекенге арналган. Алардын арасында "Ырымдын аты-Октябрь", "Калайык угар үнүмдү" жана "Он жетинчи жыл келип" аталышындагы ырлары берилген [8]. Муну менен катар Түмөнбай Байзаковдун "Барпы ырчынын эскерүү" аталышындагы макаласы да кездешет. Ал макала акындын Түмөнбай Байзаков менен таанышуусу жана кийинки жолугушуулары, Барпынын акындык өнөр тууралуу жана өзүнүн билим деңгээли тууралуу бөлүшкөн сырлары, шайлоодогу окуя жана өлүм төшөгүндө жаткандагы акыркы жолугушуусу тууралуу маалыматтарды камтыйт. Барпы акындын акыркы жылы, 1949-жылы ооруп жүргөн жылында Байзаковдун ага жолукканы тууралуу маалыматтар да камтылган. Барпы акындын насыбай чеккени, ордунан тура албай төшөктө жатып калган кезинен баяндайт. Акын Түмөнбай Байзаковго кара атын аманатка калтырарын айтканын, 9-майда ооруканада тынымсыз ырдаганын, медайымдар орус улутунан болгондуктан эмне тууралуу ырдаганын биле албаганын, ошентсе да ырында эң көп кайталаган сөздөрүн жазып коюшканын, ал сөздөрдүн арасында Түмөнбай Байзаковдун да ысмы болгонун баяндаган. Барпы акын 1949-жылдын 9-ноябрда кайтыш болуп, 11-ноябрда анын сөөгү Ала-Арча көрүстөнүнө коюлуп, аны узатуу аземинде Осмонкулдун ыры акынга арналган өзгөчө болгону маалымдалат. Ал төмөнкүчө болгон:

Барпы аке
Жарыкты сүйгөн ырчы эле
Жан бүткөндүн курчу эле.
Жараткан көзүн алса да,
Жүрөгү көрүп турчу эле.
Барпы аке
Адамдан чыккан төкмө эле,
Акындык үнү көктө эле.
Эми
Ак кепин кийип жатпайбы,
Алоосу өчүп өрт дене.
Барпы аке
Жарышка түшсө жол менен,
Жаактуу пенде жеңбеген.
Эми
Жаш алып көзгө турабыз
Жашырып жүзүн жер менен...

Барпы акын тууралуу эң көп маалыматты Түмөнбай Байзаковдун эскерүүлөрүнөн алууга болот. Анткени акындын жердеши болуу менен бирге анын акын менен биринчи жолугушуусу балалык кезинде башталган. Ал мезгил тууралуу Түмөнбай Байзаков 1930-жылы жети жашында болгон кезде Барпы акын менен таанышып, достошконунан кабар берет. Анда Барпы акын 46 жашка чыгып калган кез болгон. Түмөнбай Байзаков жогоруда баяндалган биринчи акын менен жолуккан 1930-жылы биринчи класска мектепке барып, кат тааный баштаган. Ал эми акын менен экинчи жолугушуусу ошол мектепте 1-класста окуган кезинде болгон. Андан соң Жалал-Абад шаарында гана жогорку класстар үчүн мектеп болгондуктан Түмөнбай ошол жактан окуусун уланткан. Акын менен үчүнчү жолугушуусу Жалал-Абад шаарындагы мектепте болгон. Ал жерден 7-классты аяктаган соң, 1940-жылы педагогикалык окуу жайга башталгыч класска мугалимдикке сырттан окууга тапшырып, ошол эле мезгилде иштей да баштаган. Аталган жылы акын Калык келип калып, Барпы акынды издегенде Түмөнбай Байзаков ага жардам берип, Ачы кыштагына барганын эскерет. Ошол бойдон 1940-1944-жылга чейин Байзаков акынды жолуктурган эмес. 1944-жылы Түмөнбай Байзаков Чаңгеттеги мектепке директор болуп барып калганда ошол аймакта жашаган Барпы акынга кайрадан кездешкенинен кабарлайт. “Ала-Too” журналынын 1962-жылкы номер экинчи санындагы Адабий мурастар рубрикасында “Жеңижок менен Барпынын учурашканы” аталышындагы ырлардын саптары берилген [9]. Журналдын жооптуу катчысы Смар Шимеев тарабынан “Ала-Too таңшыйт” аталышында обондуу ырлар 1966-жылы Кыргызстан басмаканасынан китеп болуп басылып чыккан. Аталган китептин ичинде Барпы акындын да “Лөлүкан”, “Буракжан” деген ырлары орун алган [10].

**Жыйынтык**

Совет доорунда Барпы акындын чыгармачылыгы басма сөз аркылуу калкка тараган. Канчалык даражада анын ырлары журналдарга басылып чыкса да алардын көпчүлүгү акындын туулган күнүнүн 100 жылдыгына байланышкан жылга туура келгени маалым болуп отурат. Ошентсе да аздыр-көптүр анын ырларынын китеп болуп басылып чыгышы менен биргеликте Совет идеологиясына байланышкан ырлары басма сөздө жарыяланып келген.

Эгемендүүлүктү алган мезгилден тарта көбүнесе адабий жанрларды камтыган массалык маалымат каражаттарында Барпы акындын ырлары, жалпы эле чыгармачылыгы элге таанылышында албан иштер жүргүзүлүп келет. Аларды топтоп, анализдеп, тематикалык жактан иргелөө учурдун талабы.

**Адабияттар:**

1. “Байчечекей” журналы. 1986. №2. 6-бет
2. “Кырчын” журналы. 1996. №4.
3. “Кырчын” журналы. 1963. № 9.
4. “Кырчын” журналы. 1963. № 5,6.
5. “Кырчын” журналы. 2017. №1,2.
6. «Ала-Тоо» журналы. 1957. №4. 106-108-б.
7. «Ала-Тоо» журналы. 1987. 96-97-б.
8. «Ала-Тоо» журналы. 1984. 87-88-б.
9. «Ала-Тоо» журналы. 1962. №2. 84-85-б.
10. «Ала-Тоо таңшыйт”. - Бишкек, 1966. 72, 79-б.